УДК: 82.09 (575.2) (043)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.03

Абдумухамед кызы Нуриза
Жусуп Баласагын атындагы КУУ

## Т. СЫДЫКБЕКОВДУН “КӨК АСАБА” РОМАНЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАТААЛ ТАГДЫРЫ ЖАНА МЕЗГИЛ ТРАГЕДИЯСЫ

**Кыскача мазмуну:** Макалада Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романында кыргыз адабиятынын тарыхында алгачкы жолу Енисейлик кыргыздардын жоокерчилик доордогу карама-каршылыктуу драмага толгон татаал тагдырын жана мезгилди трагедиясын таасын, элестүү чагылдыргандыгы жөнүндө сөз болот. Тарыхчы-окумуштуулардын фундаменталдуу эмгектериндеги обективдүү ой-тыянактар Енисей кыргыздарынын тарыхына байланыштуу фактыларды жаңыча кароого негиз берет. Т. Сыдыкбеков доордун күрөө тамырын кармай билип, ага ар дайым сергек мамиле жасаган сүрөткер катары бул өзгөрүүлөрдү илгиртпей сезип, романга негиз болуп бере алган тарыхый даректерди, материалдарды көп изилдеп, талдап чыгып, совет доорундагы жабак темага кайрылуу менен дың жерди бузган. Көк асаба» романында Енисейлик кыргыздардын коомдук- социалдык турмушун, саясий-маданий ордун, дүйнө таанымын, уруучулук наркын, салт-санаасын, элдин биримдигин жана ажырымын, жеңиштүү салтанатын жана кайгылуу кыйрашын чагылдырууга жазуучу өзүнүн орошон талантын жумшаган, өз калкынын тарыхы менен улуттук психологиясын терең билип, таамай, элестүү сүрөттөй алган- деген жыйынтыктуу пикирлер менен коштолот.

**Түйүндүү сөздөр:** тарыхый роман, Енисейлик кыргыздар, баатырдык мотив, мезгил,трагедия, көркөм жалпылоо, мүнөз, чеберчилик, поэтикалык туюнтуу**.**

Абдумухамед кызы Нуриза
КУУ имени Жусупа Баласагына

## СЛОЖНАЯ СУДЬБА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА И ТРАГЕДИЯ ВРЕМЕНИ В РОМАНЕ Т. СЫДЫКБЕКОВА «СИНЯЯ АСАБА»

**Аннотация:** В статье в романе Т. Сыдыкбекова «Синяя Асаба», в котором впервые в истории кыргызской литературы ярко изображена сложная судьба енисейских кыргызов, полная противоречивого драматизма и трагедии того времени. Объективные выводы в фундаментальных трудах историков-ученых дают повод по-новому взглянуть на факты, связанные с историей енисейских кыргызов. Т. Сыдыкбеков, как художник, умеющий удерживать побочные корни эпохи и всегда зорко относящийся к ней, без промедления чувствовал эти перемены, изучал и анализировал множество исторических документов и материалов, которые могли бы лечь в основу романа, и взорвал почву, затронув закрытую тему советской эпохи. В романе «Синяя Асаба» писатель использовал свой талант, чтобы изобразить общественную жизнь, политическое и культурное положение, мировоззрение, племенные ценности, традиции, единство и разобщенность народа, победоносное торжество и печальное крушение енисейских кыргызов, историю и национальной психологии своего народа.Сопровождается заключительными замечаниями, которые он знает глубоко, умеет ярко и образно описать.

**Ключевые слова:** исторический роман, енисейские кыргызы, героический мотив, период, трагедия, художественное обобщение, персонаж, мастерство, поэтическое

выражение.

**Abdumukhamed kyzy Nuriza**
**KSU named after Jusup Balasagyn**

## THE DIFFICULT FATE OF THE KYRGYZ PEOPLE AND THE TRAGEDY OF TIME IN T. SYDYKBEKOV'S NOVEL "BLUE ASABA"

**Abstract:** The article in T. Sydykbekov's novel "Blue Asaba", which for the first time in the history of Kyrgyz literature vividly depicts the difficult fate of the Yenisei Kyrgyz, full of contradictory drama and tragedy of that time. Objective conclusions in the fundamental works of historians-scientists give rise to a fresh look at the facts related to the history of the Yenisei Kyrgyz. T. Sydykbekov, as an artist who knows how to keep the side roots of the era and always vigilantly related to it, immediately felt these changes, studied and analyzed many historical documents and materials that could form the basis of the novel, and blew up the soil, touching on the closed topic of the Soviet era. In the novel "Blue Asaba" the writer used his talent to depict the social life, political and cultural situation, worldview, tribal values, traditions, unity and disunity of the people, the victorious triumph and sad collapse of the Yenisei Kyrgyz, the history and national psychology of his people. Accompanied by the final remarks that he knows deeply, knows how to vividly and figuratively describe.

**Keywords:** historical novel, Yenisei Kyrgyz, heroic motif, period, tragedy, artistic generalization, character, mastery, poetic expression.

Кыргыз Эл баатыры, залкар жазуучу Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба" романы кыргыз адабиятынын тархында өзгөчө орду, көркөм наркы бар чыгарма. Автор совет доорунда жабык темалардын бири Енисейлик кыргыздардын тагдырын, баатырдык күрөш жолун "Көк асаба" романында чагылдырган. "Көк асаба" романына биринчи жолу системалуу изилдөө жүргүзгөн профессор Б. Темирова: "Даркан сүрөткер Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба» романында кыргыз адабиятында алгачкы жолу кол тие элек Енисейлик кыргыздар жашаган байыркы тарыхый доорго кайрылып, көөнө замандын көркөм панорамасын чебер тарта алган. Романды жазууда тарыхый маалыматтарга, Орхон- Енисей жазма эстеликтерине таянуу менен гана чектелбестен, элдик санжыра, айтымдарга, улуу «Манас» эпосунун материалдарын чыгармачылык менен пайдаланган. Албетте, жазуучунун кеңири эрудициясы, толкуган көркөм ой жүгүртүүсү маанилүү роль ойногон. Жазуучу көөнө доордун тархын ар тараптуу иликтөөгө алып, өзү да оригиналдуу жазылган илимий, публицистикалык макалалардын түрмөгүн тартуулаган. Эгерде романга материал топтоо, жазуу процессинде тоталитардык режимдин тоскоолдуктарынын кесепетинен өткөнгө, маданий мурастарга кайрылууда бир беткей, чектелүү көз караштардын өкүм сүргөндүгүн эске алсак, автордун элибиздин байыркы тарыхына кайрылышын олуттуу чыгармачыл эрдик катары баалоого арзыйт" [1, 27], -деп адилеттүү белгилеген. Кыргыз тарыхый романдын өзгөчөлугу жөнундө мындай малымат тапсак болот: «Кыргызская историческая романистика корнями уходит в седую древность. Орхоно-Енисейские рунические

памятники, в которых описывается жизнь и кончина реальных исторических лиц … дают определенное представление об обстановке эпохи» [2, с.274].

Көрүнүп тургандай, «Көк асаба» үч бөлүмдөн, отуз бир бөлүктөн турган, көп пландуу чыгарма. Ар бир бөлүм ошол окуялардын мазмундук өзөгүн түзгөн эпиграфтардан турат. Профессор А. Мусаев романдагы сюжеттик материалдын жайгаштырылышы боюнча мындай дейт: "Чыгарма үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм баштан аяк Эр-Киши менен Жаш Тегиндин саякатына арналган. Бул жөн саякат эмес, Эр-Киши менен Жаш Тегиндин жүрүшү Мезгил жана Мейкиндик деңгээлинде жүрүш. Тагыраак айтканда, бул жерде сөз Жаш Тегиндин баатырдык жетилиши жөнүндө гана эмес, баарынан мурда Жаш Тегиндин турмушту, тарыхты, таанып билүүсү жөнүндө баратат. Экинчи бөлүмдө негизинен элдин турмуш тиричилиги, каада-салттары сүрөттөлөт. Элдин руханий дүйнөсүн көрсөтүү тарыхый ретроспективалар менен коштолот. Үчүнчү бөлүм - бул согуштук эпизод. Согуштун жүрүшү түздөн түз "Улуу сөз" менен бир катар коюлуп, теңештирилип, салыштырылып баяндалат" [2, 227]. Окумуштуу айткандай, чыгармадагы Енисей кыргыздарынын татаал тагдыры, мезгилдин трагедиясы дал ушул үчүнчү бөлүмдөгү согуштук эпизоддордо таамай чагылдырылган.

Т. Сыдыкбеков «Көк асабада» сүрөттөөгө алган окуялар тутумунун мазмундук маанисин, ар бир каармандын көтөргөн идеялык жүгүн ар тараптуу ачып берүүгө жетишкен. Чыгармада элибиздин баатырдык күрөш жолу, ошол мезгилдеги уруулар ортосунда жана чет элдик баскынчылар менен болгон тынымсыз согуш аракеттери борбордук орунду ээлеп, элибиздин улуттук калыптануусу жана бирдиктүү мамлекет катарында келечекке умтулуусу чыгарманын негизги сюжеттик лейтмотивин түзөт десек болот. Романда көчмөн, жоокер элдин турмушу, салт-санаасы, улуттук баалуулуктары кеңири сүрөттөлөт. Чыгарма башталганда эле Адылтай ажонун баласы Эр-Күлчүр табгачтар (кытайлар) менен болгон согушта баатырларча курман болгону, душмандар элди аеосуз кыргандыгы баяндалат. Анда чагылган окуялар Енисейлик кыргыздардын тарыхый басып өткөн жолдору мезгилдин трагедиясы менен ажырагыс байланышта көрсөтүлөт. Академик Д. Лихачев: "Адабиятты үйрөнүү үчүн баарынан да маанилүүсү көркөм мезгилди: көркөм чыгармаларда ал кандай чагылдырылганын, мезгилди адабияттын көркөм фактору катары изилдөө. Көркөм мезгил дегенибиз мезгил маселесине карата көз караш эмес, мезилдин өзү, көркөм чыгармаларда ал кандайча чагылдырылып, кандайча сүрөттөлгөндүгү. Мезгил туурасында тигил же бул автор айткан концепцияларды изилдөө эмес, чыгармалардагы дал ушул көркөм мезгилди изилдөө көркөм сөз өнөрүнүн эстетикалык табиятын түшүнүү үчүн баарынан да артыгыраак мааниге ээ" [3, 234 ],-дейт.

Чындыгында көркөм сөз өнөрүндө мезгил жана мейкиндиктин орду көп түрдүү жана терең мааниге ээ. Чыгарманын жанры, сюжеттик- композициялык курулушу, образдары

психологиялык жактан жандуу жана динамикалуу. Каармандын речи жекелештирилген. Алардын өзүнчө сүйлөө стили бар. Өткөн доордун драмасын, мезгилдин трагедиясы чебер берилген.

Жыйынтыктап айтканда Т. Сыдыкбеков "Көк асаба" романында Енисейлик кыргыздардын жана татаал мезгилдин жүзүн ачууда согуштук эпизоддор, элдин каада-салттары, улуттук баалуулуктары маанилүү роль ойногон. Жазуучу чыгармасында портреттик, пейзаждык сүрөттөөлөрдү, "Манас" эпосу баштаган фольклордук мотивдерди, көркөм сөз каражаттарын да чеберчилик менен пайдаланган. Автор романдын сюжеттик-композициялк структурасында жол мотивин ыктуу колдонгон. Образдарды ачууда көркөм сөз каражаттары романдын мезгил жана мейкиндик өлчөмүнө баш ийдирилип, белгилүү бир идеялык максатты айкын көздөп турат. Даркан жазуучу, атуулдук сезими күчтүү Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба" романы кыргыз адабиятынын тарыхындагы этаптуу чыгармалардын катарын толуктап турат.

**Адабияттар**

1. Темирова Б.Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба" романынын көркөм наркы. Б., 1997.105-б.
2. Мурзахмедова Г. Фольклорные особенности кыргызского исторического романа // Известия Вузов, 2011. - №4. – с.247
3. Мусаев А. И. Түгөлбай Сыдыкбеков: адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр(монография)-Б., 2002.371-б.
4. Лихачев Д.С. Поэтика древнорусской литературы.-Ленинград, 1971.-233-б.
5. Юрхон-Енисей тексттери.Ф., 1982. 88-б.
6. Лихачев Д.С. Избранные работы.—Ленинград, Т.1, 1982.- 670-б.
7. Сыдыкбеков Т. -Көк асаба. Б., 1991.-б.